# Балалык

Балалык кез кетсе деле эртелеп

Бал сезимдер келет неге эркелеп

Апакемдин этегине жармашып

Ээрчигеним эстен дале кете элек

Күндө жомок дүйнө менен кездешкен

Эх балалык сага не бар тендешкен

Чыбык минип кочо чаңдатып ойноп

Самачу элек аттиң кезди эр жеткен

Эх балалык калдың канча алыста

Кааласак да жол жок сага барышка

Сагынычтан жазган ушул ырымды

Балалыгын баары эстеп алышса

Сагынычтан жазган ушул ыр менен

Балалыгын баары эстеп алышса